**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун айрым маселелери жөнүндө" токтомунун долбооруна**

# МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ

**1. Долбоордун максаты жана милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорунун максаты болуп аккредитациялык агенттиктерге жана билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңештин ишине коюлуучу талаптарды жакшыртуу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатуу саналат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорунун милдети болуп аккредитациялык агенттиктерди таануу жана алардын ишине мониторинг жүргүзүү маселелеринде ачык-айкындуулукту камсыз кылуу саналат.

**2. Баяндоочу бөлүгү**

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 40-беренеси менен билим берүү уюмдары көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарынын сапатын тастыктоо максатында иши Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте таанылган аккредитациялык агенттиктерден аккредитациядан өтөөрү белгиленген.

Аккредитациялык агенттиктердин ишин таануу маселелери Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш тарабынан каралат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 4-августундагы № 438 "Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө" токтому менен билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө жобо бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-сентябрындагы № 670 "Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында көз карандысыз аккредитациялоо боюнча актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен билим берүү тармагында аккредитациялык агенттиктерди таануу тартиби бекитилген.

Жогоруда аталган ченемдик укуктук актылардын негизинде акыркы 6 жылдын ичинде билим берүү уюмдарын жана программаларын көз карандысыз аккредитациялоону ишке ашыруучу аккредитациялык агенттиктер таанылган.

Көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актылар көз карандысыз аккредитациялоо институтун киргизүүнүн башталышында кабыл алынган, анын негизинде билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасынын бардык нюанстары эске алынган эмес.

Жогоруда аталган ченемдик укуктук актыларды колдонуунун алты жылдык тажрыйбасы аларды кайра кароонун зарылдыгын көрсөттү.

Мисалы, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө колдонуудагы жободо Кеңештин курамын түзүүнү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясы жүргүзөт, ал көрсөтүлгөн талапкерлерди тандоону жүргүзөт, бирок аларды тандоо тартиби каралган эмес, ошондуктан Кеңештин курамына киргизүү үчүн талапкерлерди конкурстук тандоо түшүнүгү киргизилүүдө.

Көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин ишине мониторинг жүргүзүү тартиби, мониторингдин жыйынтыктары боюнча чечим кабыл алуу механизмдери каралган эмес.

Айрым аккредитациялык агенттиктер аккредитациялоонун тартибин бузууга жол беришкен, бул мамлекеттик органдардын кошумча текшерүүлөрүнө алып келген.

Бирок, алар боюнча чечим кабыл алуу механизми жок болгондуктан, Улуттук аккредитациялык кеңеш алар боюнча таасир этүү чараларын көрө алган жок, бул кемчилик бул долбоордо эске алынды.

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо боюнча мурда берилген сертификаттарды кайра тариздөө маселелери боюнча жана агенттиктерди кийинки мөөнөткө таануудан баш тартылган учурда алардын дубликаттарын берүү, ошондой эле аккредитациялоо боюнча билим берүү уюмунун каражаттарын кайтаруу боюнча укуктук вакуум орун алган.

Сунушталган өзгөртүүлөр төмөнкүлөргө багытталган:

- Улуттук аккредитациялык кеңештин ыйгарым укуктарын, курамын түзүү жана ишин уюштуруу тартибин кеңейтүүгө;
- аккредитациялык агенттиктерди таануу, аккредитациялык агенттиктердин ишине мониторинг жүргүзүү жана мониторингдин жыйынтыктары боюнча таасир этүү чараларын колдонуу тартибине.

Киргизилүүчү түзөтүүлөр колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын текстинин жарымынан көбүн түзөт, ушуга байланыштуу “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 17-беренесинин 1-пунктуна ылайык ченемдик укуктук актылар жаңы редакцияда тариздселген.

Ошол эле учурда колдонуудагы 2 ченемдик укуктук акты эки тиркемеси менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бир токтомуна бириктирилди.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун кабыл алуу терс таасирдүү социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыгы жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 22-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору коомдук талкуулоо процедурасынан өтүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жиберилген, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга ылайык келүүсүн талдоо**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору жеке ишкердикти жөнгө салууга багытталбагандыктан, жөнгө салуучу таасирди талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт.

**Министр** **У.Э. Мамбетакунов**